**Адабият 10 -класс**

**1. ”Чечен болду булбулу,**
**Торгой болду молдосу.**
**Кекилик ашкан жоргосу,**
**Үпүп болду жолдошу.**
**Эшен болду күкүгү,**
**Сопу болду үкүсү.**
**Күйкө болду бийчиси,**
**Жөргөмүш болду жарчысы”**
**Бул саптар М.Кылычтын кайсы чыгармасынан?**

а) “Канатуу” б) “Керме Тоо” в) “Чүй баяны” г) “Бүркүттүн тою” д) “Жинди суу”

**2. Молдо Нияздын жашаган жылдарын белгиле**

а) 1996-1917-ж.ж. б) 1823-1886-ж.ж. в) 1900-1937-ж.ж.
г) 1860-1942-ж.ж. д) 1864-1933-ж.ж.

**3. Молдо Кылычтын “Буудайык” поэмасынын негизги проблемасы?**

а) нравалык б) социалдык в) таптык г) адам жана жаратылыш
д) психологиялык

**4. Тоголок Молдонун анекдоттук кырдаалдар кеңири орун алган сатиралык поэмасын белгиле.**

а) “Үрпүкан” б) “Өзгөрүш” в) “Жер жана анын балдары” г) “Кемчонтой”
д) “Насыят”

**5. Тоголок Молдонун ынтымакка, биримдикке чакыруу идеясы күчтүү өнүккөн, аллегориялык маанидеги образдар түзгөн поэмасын белгиле.**

а) “Эшек менен булбул” б) “Кедейлерге насыят” в) “Жер жана анын балдары”
г) “Кемчонтой” д) “Үрпүкан”

**6. Кашкардан, Бухарадан билим алган биринчи тарыхчы-окумуштуу ким?**

а) Б. Солтоноев б) О. Сыдыков в) Тоголок Молдо г) И. Арабаев
д) Молдо Кылыч

**7. “Кызыл кыргыз тарыхы” аттуу эмгектин автору ким?**

а) О. Сыдыков б) Молдо Нияз в) Б. Солтоноев г) И. Арабаев д) Тоголок Молдо

**8. Казыбектин адабий мурасын жазып топтоп, бүгүнкү күнгө жеткирген ким, белгиле**

а) Тоголок Молдо б) Ш. Бейшеналиев в) К. Жусупов
г) Исабеков Болотбек д) Иманалиев Киреше

**9. Ысык-Көлдөгү Чырпыкты айылында жарык дүйнөгө келген улуу инсан ким?**

а) А. Токомбаев б) Токтогул в) К. Тыныстанов г) Т. Сыдыкбеков д) М. Элебаев

**10. Совет доорунда биринчи жолу кыргызча “ Шаңдан жүрөк ” аттуу ыр жарык көргөн, автору ким?**

а) К. Тыныстанов б) М. Элебаев в) А. Токомбаев г) Ы. Шайбеков д) С. Карачев

**11. “Сүйгөнүнө кошула албады”, “Үйлөнүүдөн качты” аңгемелери кимдин калемине таандык?**

а) А. Токомбаев б) К. Баялинов в) С. Карачев г) О. Лепесов д) К. Тыныстанов

**12. Элебес, Бурмаке кайсы чыгармадагы кармандар, белгиле**

а) “Узак жол” б) “Эки жаш” в) “Ажар” г) “Китеп издегенде” д) “Бороондуу күнү”

**13. М. Элебаевдин “Узак жол” романынын жанрдык өзгөчөлүгү.**

а) тарыхый б) философиялык в) автобиографиялык г) турмуштук д) социалдык

**14. Кыргыз адабиятындагы ыр менен жазылган биринчи романды белгиле.**

а) “Кең-Суу” б) “Кандуу жылдар” в) “Алтын тоо” г) “Курманжан датка” д) “Адамдар”

**15. “Кандуу жылдар” романындагы башкы каарман, көтөрүлүштүн жетекчиси ким?**

а) Жунуш б) Төлөк в) Чолпонбай г) Алымкул д) Жанай

**16. Искендер, Бектур, Зулайка кайсы драманын каармандары, аныкта**

а) “Өлбөстүн үрөнү” б) “Күндүн чыгышы” в) “Кайгылуу Какей”
г) “Беш-Мойноктогу окуя” д) “Ажал ордуна”

**17. “Балбай”  поэмасында кайсы мезгилдеги окуялар сүрөттөлөт.**

а) XIX кылымдын биринчи жарымындагы

б) XIX кылымдын экинчи жарымындагы

в) революция жылдарындагы

г) коллективдештирүү мезгилиндеги

**18. Ж. Бөкөнбаевдин өзүнө жана калемдештерине кайрылуу иретинде жаган чыгармасын белгиле.**

а) “Ала-Тоонун аскасынан ашалы!” б) “Эмгек” в) “Кыял”

г) “Эртең” д) “Алгыла алтын билимди”

**19. Кулун жал болсо мингеним**
**Кулун тон болсо кийгеним**
**Куурасам акыл табышар,**
**Кумар көз болсо сүйгөнүм.**

**Бул ырды ким ырдайт, ал кайсы чыгарманын каарманы, чыгарманын автору ким?**

а) Искендер, “Ажал ордуна”, Ж. Турусбеков

б) Каныбек, “Каныбек”, К. Жантөшев

в) Болот, “Ак-Мөөр”, С. Эралиев

г) Алымкул, “Таң алдында”, А. Токомбаев

д) Түлкү, “Жаңыл Мырза”, К. Тыныстанов

**20. А. Осмоновдун кайсы поэмасына сүйүүнүн күчү менен эки жашка бирине көз, бирине бут бүтөт. Каармандардын аты ким?**

а) ”Майдын бир түнү”, Баян, Бүбүш б) “Ким болду экен”, Күлбөс кыз, Баркалбас

в) “Махабат” Күлпай,, Касым г) “Менин энем”, Виктор, Слава

д) “Жеңишбек”, Миңбай, кемпири

**21. “Жеңишбек поэмасындагы Миңбайдын курбусун белгиле.**

а) Баян б) Абдысамат в) Курманбек г) Бактыбек д) Салтангазы

**22. Мидиндин калеминен жаралган махабат лирикасы кайсы?**

а) “Сулууга” б) “Сүйгөнүмдүн сүрөтүнө” в) “Эгер болсом” г) “Жаштык кез” д) “Дүнүйө”

**23. М.Алыбаев жараткан достук азил түрмөгүн белгиле**

а) “Адабият парад” б) “Тилекматтын тили” в) “Дужур  букалар”

г) “Сизге айтам” д) “Акчүч”

**24. Э. Турсуналиев аткарган “Жинди суу” аттуу терме кимдин чыгармасы?**

а) Э. Турсуналиевдин б) Р. Шүкүрбековдун в) З. Үсөнбаевдин

г) М. Алыбаевдин д) А. Үсөнбаевдин

**25. Фирдоусинин “Шах намэсин” кыргыз тилине ким которгон?**

а) Р. Шүкүрбеков б) М. Алыбаев в) М. Элебаев г) А. Осмонов д) К. Маликов